Manas Sosyal Araştırmalar Dergisi | Cilt: 1 | Sayı: 3 | 2012
Manas Journal of Social Studies | Vol.: 1 | No: 3 | 2012

# КЫРГЫЗ ЭТНОНИМИНИН АДЕГЕНДЕ ЭСКЕРИЛИШ ТАРЫХЫНАН

**КОЖОБЕКОВ М.Ч.**
Кыргыз – Түрк «Манас» университетинин доценти, тарых илимдеринин кандидаты
*k_murat200@mail.ru*

**Аннотация**

Макалада кыргыз этнониминин адегенде эскерилиш маселеси талданат. Айтылуу синолог илимпоздор кытай жазма булактарында Гэгунь формасында катталган терминдин транскрипциясын кыргыз этнонимии экендигин белгилешкен. Анткен менен, тарых илиминде кыргыздардын эскерилиш мезгили жана алардын жашаган аймагы туурасында окумуштуулардын ою бир пикирге келе элек. Изилдөө тема катары кыргыз этнониминин эскерилиш тарыхын, жалпы Борбордук Азиянын көчмөн талаасындагы этносаясий кырдаал кабыл алынган.

**Ачкыч сөздөр:** Борбордук Азия, кыргыз, гэгунь, хунну, юэчжи, дунху, көчмөн талаа, этноним, этнос, этникалык, Тоумань, Маодунь, шаньюй.

## ON THE HISTORY OF THE FIRST REFERENCES TO THE ETHNONYM KIRGHIZ

**Abstract**

In this article first of all mention of kyrgyzs ethnonym is analyzed. Famous scientists-sinologists pointed that the term which is registered in the form “Gegun” is the Kyrgyz ethnonym. But, scientists do not arrive at a common opinion about the time of mention of Kyrgyzs and they place of their inhabitance. As the subject of investigation of the history of mention of Kyrgyz ethnonym is considered, made an emphasis on ethno-cultural situation in Central Asia’s nomad steppe.

**Key words:** Central Asia, Kyrgyzs, Gegun, Xionghu, Yuezhi, Donghu, Nomad Steppe, Ethnonym, Ethnos, Ethnical, Touman, Maodun, Chanyu.

Байыркы кыргыздардын тарыхта адегенде эскерилиш маселеси Борбордук Азиянын чыгыш тарабындагы көчмөн талаада өткөн орошон

окуяларга байланышкан. Ошондуктан кыргыздардын баштапкы мекенин тактоо жана географиялык координатын аныктоо маселеси, аларга коңшу жашаган калктардын саясий аракетин иликтөө жолу менен жүргүзүлүшү керек. Арийне, жазма тарых жаңыдан каттоого ала баштаган көчмөн тала тарыхы үчүн бул мыйзам ченемдүү көрүнүш эсептелинет жана мында жашаган этносторду бири–биринен бөлүп кароо да мүмкүн эмес.

Көчмөн талаанын узак жылдарга уланган тарых панорамасын аныктаган окуя алыскы Ордос аймагында жүргөн. Хунну калкынын өкүмдары Тоумань[1] улуу уулу Маодундун[2] такка болгон мураскердигинен кутулуу максатын көздөп жана жаш жаңы аялынын баласын бийликке кою максатында, аны ак үйлүү абалда юэчжилерге берген[3]. Тоумань шаньюй көп өтбөй юэчжилерге кол салып, бул салгылашта Маодунь миң лиге чуркаган аргымакка минип, юэчжилердин туткунунан качып чыгат. Тоумань шаньюй уулунун эрдигине ыраазы болуп, анын карамагына бир түмөн (10 миң) атчан аскер берген. Ошол күндөн тарта Маодунь аскерлерин жоокердик өнөргө машыктырууга киришет. Адегенде, ал «ышкырык жебе»[4] жасап «кимде ким мен аткан тарапка жебесин тартбаса, башы алынат», деген талап коёт. Аң улоо маалында ал жебе тартып, жоокерлердин түрүн байкайт. Түмөн башчы балким тамашалап жатбасын деп, жебени тескери аткандар да чыгат жоокерлер арасынан. Анткен менен Маодунь тамашалаш үчүн жаралган эмес да, ал дароо ээнбаштардын боюн ийинден тегиздеген. Жоокерлерди сындан өткөрүп, темирдей тартип орнотуш үчүн Маодунь адегенде минген аргымагына жебе тартып, андан кийин жакшы көргөн аялын кароолго алып, жаа атбагандардын башын алдырткан. Качан барып аң улоо маалында атасынын аргымагына тарткан жебе артынан жоокерлеринин октору чогуу учканын көргөндө, Маодунь эми анын бийлик жылдызы жана турган мезгил келгендигин туйган.

Хуннулардын салтында аң улоо убактысы маанилүү роль ойногон жана ага колуна курал кармаган эркек аттуулардын бардыгы түгөл чыгышкан. Жоокерлеринин анын айтканын аткарып, жасаганын өтөөсүнө чыгара тургандыгына ишенген Маодунь, аң улоо маалында атасына жебе тартат. Жоокерлер да түмөн башчынын аркасынан тартынбай ок атышып, Тоумань шаньюйдун денеси дароо эбегейсиз кирпиге айланат. Маодунь дароо ордону ээлеп, расмий мураскер катары белгиленген аталыш инисин, өгөй энесин жана ага моюн сунбаган уруу башчыларынын өмүрүн кыйып, өзүн шаньюй деп жарыялаган. Кандуу окуя б.з.ч 209-жылы өткөн жана көчмөн талаада сөз тез тарайт эмесби, хуннулардын коомунда жасалган төңкөрүштү уккан монгол тилдүү дунхулар[5] ыңгайлуу абалды дароо өз пайдасына колдонууну туура көрүшөт. Хуннулар менен согушуш үчүн себеб издеген дунхулар, адегенде миң ли[6] чуркаган күлүктү суратышат. Шаньюйдун кеңешчилери аргымакты душманга кантип берет элек, деп Маодунду көндүргөнгө аракет жасайт. Маодунь жакындарынын сөзүн албай аргымакты дунхуларга кармата берет. Төңкөрүштөн алсыраган хуннулар согуштан корккону нан талапка көндү деп шерденген дунху өкүмдары, эми андан шылдыңдаган талап менен Маодунь шаньюйга элчисин жибирген. Шаньюйдун аялын[7] сураткан дунхуларга каары ташыган хуннулар дароо аттанып, душманга кол салалы деп Маодунду көндүргөнгө аракет жасашкан. Өкүмдар кеңешчилеринин тилине кирбей дунхуларга аялын да кармата берген.

Ооматынын өйдөлүгүнө толук ишенген дунху башкаруучусу хуннулардын жерине кирип, бир канча убакыт өткөндөн кийин хуннулардан бош калган бир аймакты сураткан. Маодунь өлкө билермандарын чакырып дунхулардын талабына байланыштуу кеңеш сурайт. Кеңешчилер бир ооздон такыр жерден баш тартышып, аны

дунхуларга берели деп акыл айтышат. Ошондо Маодунь шаньюй «Жер мамлекеттин негизи! Кантип аны бергенге болот!» деген тарыхый сөзүн айткан. Каарданган шаньюй колуна курал кармай алчу эрендерге дунхуларга каршы жортуулга аттанууга буйрук берген. Өкүмдардын талабына ылайык, жортуулдан качкандардын башы алына тургандыгы эскертилген.

Кытай жазма булактарында камтылган бул окуяынын уламыштык мазмунуна карабастан, биз андан бир канча жыйынтык чыгара алабыз. Биринчиден, Маодунь шаньюйдун катаал саясатынын натыйжасында көчмөн талаадагы биринчи борбордошкон көчмөндөрдүн мамлекети пайда болгон. Экинчиден, Маодундун дастандык каарманга таандык ишмердигинен тарыхый чындыкка коошкон маалымат өзөгү байкалбай койбойт. Ал өзөк көчмөн талаанын геосаясий картасын өзгөрткөн мамлекеттик тартип маселеси. Маодунь жоокерлерине жэбе тарттырып, машыктыруу жолу менен өкүмдардын буйругун эки кылбастан аткара турган тартип орноткон. Мындай жол менен ал, шаньюй үчүн ишенимдүү жогорку аскер жетекчилигин даярдаган. Ошондой эле, дунхуларга каршы согуш жарыялоо жолу менен ал, өлкө калкынын колуна курал кармай ала турган эрлерине аскер милдеттүүлүгүн киргизген.

Маодунь шаньюйдун дагы бир көсөм жетекчилик чабыты, ал эски башкаруу системасын кыйраткан саясаты менен байланыштуу. Дунхулар менен жүргөн тирешүү маалында Маодунь шаньюйдун башкаруусун чектеген аксакалдар кеңешинин таасири ооздукталган. Шаньюйдун жеке бийлигинин орношу аркылуу Маодунь эми эски душмандарынан өч алуу саясатын жүргүзүүгө киришкен. Маодунь шаньюйдун адегенде жасаган согуш чапкыны албетте, аны кечээги «ак үйлүү» абалында кармаган юэчжилерге[8] каршы багытталган. Кытай жазма булактарынын

маалыматтарын изилдеген илимопздор, юэчжилердин жашаган аймагы туурасында ар түркүн көз караштарды билдирип келишет. К. Ширатори хуннулардын дунху жана юэчжилерге жасаган жортуулунун натыйжасына карап, аларды төмөнкүдөй географиялык ирээт менен жайгаштырган. Кытай жазма булактарында «чыгыш варварлары» катары эскерилген дунхулар Хинган тоосунун чыгышында, юэчжилер болсо Ганьсу провинциясынын батышы жана Хуанхэ дарыясынын батыш жагындагы Хэси регионунда орун алышкан. Ал эми, хуннулар болсо, аталган эки топтун ортосундагы Иньшань тоолорунда жашашкан (Shiratori 1930: 2; Грумм-Гржимайло 1909: 165-166).

Н. Я. Бичурин эмгегинде юэчжилер Дуньхуан шаары менен Цилянь – шань тоо кыркасынын ортосуна жайгаштырылат (Бичурин 1953: 31). Кийинки эмгекте ал, юэчжилер Дуньхуандын түндүгүндө, Ордостогу Улуу дубалдын түндүк–батышынан Хамиге чейинки аймакта жашагандыгын кабарлайт(Бичурин 1833: 66-67).

Кытай жазма булактарын талдаган А.Г. Малявкин юэчжилердин Ганьсу провинциясында орун алгандыгын белгилейт. Ошондой эле, Тан авторлору юэчжи мамлекетинин территориясы Ляньчжоу, Гяньчжоу, Сучжоу, Гуанчжоу жана Шачжоу округдарын ээлегендигин жазып кетишкен. Аталган территория Хань шу жазма булагында эскерилген Дуньхуан менен Цилянь тоолоруна дал келет (Малявкин 1981: 137-138).

С.Г. Кляшторный япон чыгыштаанычусу Кадзуо Енокинин изилдөөсүнө таянып, Сыма Цянь эскерген «Дуньхуан менен Циляньшандан», тактап айтканда Нань – Шандын түндүгү менен Ганьсу провинциясынын түштүк – батышынан тышкаары, юэчжи башкаруучуларынын бийлиги аталган мезгилде Монголиянын басымдуу бөлүгү, Жунгария, усундар жашаган Тянь – Шань жана Тарим бассейни менен жогорку Хуанхэ агымына чейин тарагандыгын кабыл алган (Кляшторный, Султанов 2000: 54).

Маодунь шаньюй юэчжилерге катуу сокку ургандан кийин, алар батышка карай сүрүлгөн. Ушул убакыттан баштап хуннулар менен юэчжилер ортосунда узак убакытка уланган согуш аракети жүрүп турган. Кыргызтаануу илиминде кыргыздардын тарыхта эскерилиш датасы катары хуннулардын юэчжилерди жеңгенден кийинки убакыт гана эске алынып, Маодунь шаньюйдун ханьдык Кытайга жасаган б.з.ч. 201-жылкы жортуул мезгилине чейинки окуялар топтому тарыхчы адистердин көз жаздымында калып келет. Бул маселенин өңүтү да, кыргыздардын тарыхта качан эскерилиш датасына байланыштуу. Арийне, мындай маселе *качан эскерилиш* менен *кайсыл окуяларга байланыштуу* деген суроолордун ортосундагы айырманы ажыратып карабагандыктан келип чыкандыгы байкалат.

Кыргыз тарыхнаамасында кыргыздардын тарыхта адегендеги эскерилиш датасы катары б.з.ч. 201-жыл кабыл алынган[9]. Анткен менен хуннулар юэчжилерди жеңгенден кийин, өз маалында Мэн Тянь тарабынан басылып алынган жерлерди шаньюй кайра кайтарып, Хань династиясы менен чектешкен чегараны мурдагыдай Хуанхэнин түштүгүндөгү бекемделген аймакка жеткирип, андан соң Янь жана Дай жерлерине кол салган (Сыма Цянь 2002: 329; Grousset 1970: 27). Бул убакта ханьдык аскерлер Сян Юйдун жоокерлери менен салгылашып жаткандыктан, Ортоңку мамлекет согуштан тажаган. Ошондуктан Маодунь күчтөнүүгө мүмкүнчүлүк алып, анын кол астына үч миңден ашык жаачандар куралган (Сыма Цянь 2002: 329; Материалы по истории сюнну 1968: 39).

Маодунь шаньюйдун өлкөнүн «түндүк» багытында жашаган этносторду жеңгени тууралуу маалымат синолог адистер тарабынан ар түрдүүчө которулган. Алсак, Сыма Цяндын «Ши цзи» котормосунда: *«Андан кийин (айтылган хуунулардын окуясынан соң) түндүктөгү хуньюй,*

*цюйшэ, динлин, гэкунь жана синьли урууларын баш ийдирген.Ошондон баштап сюнну жакшылары жана жогорку кызматкерлер Маодунга моюн сунушуп, аны акылман өкүмдар катары таанышкан»* (Сыма Цянь 2002: 331).

В.С. Таскин которгон материалда: *«Кийинчирээк, качан [Маодунь] түндүк тараптан хуньюйларды, цюйшэ, динлиндерди, гэкуньдарды жана синьли ээликте–рин багындырганда сюннулардын бардык ак сөөк адамдары, кызматкерлери [ага] моюн сунушуп, Маодунь шаньюйду акылман деп эсептей башташкан»*(Материалы по истории сюнну 1968: 41).

Н.Я. Бичуриндин котормосунда айтылган окуянын баяндоо нугу тескери өңүт алган: *«Натыйжасында алар түндүктө Хуньюй, Кюеше, Динлин, Гэгунь жана Цайлилердин ээликтерин жеңип;ошондуктан аксакалдар менен атка минээрлер Маодунь шаньюйга баш ийишип, анын акылмандыгын таанышкан»* (Бичурин 1950: 50).

Де Грооттун котормосунда *«Андан кийин ал түндүк багытына бурулуп хунью, кутша, тинлинг, кик-кун жана си-ли падышачылыктарын басып алды. Анын карамагындагы ак сөөктөр жана кызматкерлер Мотунга моюн сунушуп, анын бийлигин таанышкан»*(de Groot 1921: 61), деп баяндалат.

Маодунь шаньюйдун түндүк жортуулу туурасындагы Бань Гунун «Хань шу» жазма булагында камтылган маалыматты А.Г. Малявкин мындайча которгон: «*Андан соң[Маодунь] түндүктө Хуньюй, Цюйшэ, Динлин, Гэгуньлун*[10] *жана Синли мамлекеттерин баш ийдирди* (Малявкин 1989: 114) ».

Андан кийинки мезгилге таандык «Вэй лио» жазма булагында «*Мындан тышкаары хуннулардан түндүгүрөөк Хуньюй, Цюйше, Динлин, Гэгунь, Синьли мамлекеттери бар*[11]»экендиги кабарланат.

Сыма Цяндын баяндоосунда хуннулардын «түндүк урууларына» жасаган жортуулунун жылы жазылган эмес. Бирок жазма булакта келтирилген окуя нугуна карап, кыргыз этнониминин адагандеги эскерилиш датасын тактасак болот. Ал илинчек Сян Юйдун салгылашы жана Хань – ван Синдин вандык кызматка дайындалыш даталарына байланышкан. Маодунь шаньюйдун «түндүк урууларга» жасаган жортуулуна чейин ханьдык армия Сян Юйдун аскерлери менен салгылашып, көтөрүлүш айынан б.з.ч. 206-жылы Цинь династиясы кулаган. Эми козголоңчулар арасында жаңжал чыгып Сян Юй менен Лю Бан так талашып, акыры б.з.ч. 202-жылы Лю Бань бийликке жетип, Хань династиясын негиздеген(Материалы по истории сюнну 1968: 22). Тактап айтканда, жогоруда сөз кылынган Маодундун күч алышына тоскоолдук жасагыдай чама чарпыбыз келген эмес деген мезгил 206-202- жылдар аралыгын камтыйт окшойт.

Ал эми, Хань – ван Син вандык титул алышы менен Маодунь шаньюйдун «түндүк урууларын» жеңиши ортосундагы байланыш жазма булакта төмөнкүчө баяндалат: *Бул убакта*[12] *Хань династиясы[императору] эми гана Ортоңку мамлекетте бейпилдик орнотуп, Хань ван титулун алып жүргөн Синге Ман жергесинде орун алган Дай ээлигин берген. Сюннулардын көлөмдүү күчтөрүМанга кол салышып шаарды ээлешкенде Хань ван титулун алып жүргөн Синь сюннуларга туткунга түшүп берген*(Материалы по истории сюнну 1968: 41). Сыма Цяндын баянына караганда, Хань Синь *чустук* ван титулун Хань бүлөөсүнүн бешинчи бийлик жылынын (202 – жылы) биринчи айында алып, анын резиденциясы Сяпэеге орнотулган[13].

Дай ээлиги хуннулар менен коңшулаш орун алып, аймак ар дайым көчмөндөрдүн чапкынына кабылып турган. Маодунь шаньюй 201 –

жылдын күз айында Хань синдин көлөмдүү армиясын Маи шаарында курчоого алган. Хань Син кырдаалды тынчтык жол менен чечүү максатында хуннуларга бир канча ирээт чабарман жөнөткөн. Муну уккан император, Хань Синдин ишмердигин чыккынчылык катары баалап, аны ашкерелеш үчүн мамлекеттик чиновникти жаңы аталган ванга жөнөткөн. Өмүрүнөн корккон Хань Син хуннулар менен Хань мамлекетине каршы биргелешип согушуш үчүн макулдашып, шаар капкасын душманга ачып берген (Материалы по истории сюнну 1968: 23).

Жазма булак маалыматтары көрсөткөндөй, кыргыздардын тарыхта адегенде катталыш датасы б.з.ч 201 – жылга туш келбейт. Балким, кыргыздардын тарых илиминде кыргыз этониминин эскерилиш мезгилине адегенде шек санаган илимпоз А.Н. Бернштам болсо керек. А.Н. Бернштамдын тарых илиминин доктордук диссертациясында кыргыз аталылышын б.з. 201-жыл эмес, 209-жыл менен тогоштуру керек экендигин эскертип кеткен (Бернштам 1942: 14). Кыргыз этониминин б.з.ч. 201-жылдан мурда, тактап айтканда б.з.ч. 203-202-жж. эскерилгендигин жактап келген авторлордун бири катары С.Г. Кляшторный эсептелинет жана ал кыргыздардын адегендеги мекенин Жогорку Енисей аймагына жайгаштырат (Кляшторный, Колесников 1988:14; Кляшторный, Султанов 1992: 58; Кляшторный, Савинов: 2005: 20; Кляшторный 2006: 387).

Л.А. Боровкова Маодунь шаньюйдун түндүк урууларын жеңиши б.з.ч. 202 – 201 – жж. болгондугун жазган. Мезгилдик жактан кийинки окуяларды кабарлаган «Хань шу» жазма булагында цзяньгунь (гэкуньдардын) жайгашкан жери аныкталгандыгы жана алардын Сыма Цянь убагындагы жашаган ареалдары ортосундагы мейкиндик айырмачылыкты, ал түндүк урууларынын жер которуш мүмкүнчүлүгү менен түшүндүргөн (Боровкова 2001: 47).

Ошондуктан Сыма Цяндын жана андан кийинки кытай авторлорунун маалыматтарындагы кыйыр фактыларды эске алуу менен бул окуя б.з.ч. 203 же 202-жылдар арасында болгондугу эсепке алынышы керек. Кытай жазма булактарында гэкунь(Сыма Цянь 2002: 331; Материалы по истории сюнну 1968: 41), гэгунь (Бичурин 1950: 50), Kik-k'un(de Groot 1921: 61), Kie-kou(De Guignes1756: 445; Pelliot 1920: 137; Chavannes 1900: 29), Ko-kouen Chavannes 1905: 561), гэгунь (гэкунь) (Яхонтов 1970: 110)[14], Ko-k'un, Gekun(Pulleyblank 1990a: 21; Pulleyblank 1990б: 99) формасында жазылган терминдин транслитерациясы *кыргыз* этноними экендиги бардык белгилүү синологдор тарабынан кабыл алынган.

Хуннулар бул убакта өлкө чыгышындагы дунхуларды жана батыш тараптагы юэчжилерди жеңгенден кийин, көчмөн талаа тарыхында боло элек кол куроого убактысы болгон. Ошол эле кезде, хунну шаньюйунун аскер топтоп кубаттуу мамлекетке айланышына тоскоолдук жасай ала турган Кытай мамлекети ички согуш менен алек болуп, алардын агрессиялык саясатына таасир тийгизе алган эмес. Маодунь шаньюй көчмөн талаадагы биринчи борбордошкон мамлекет куруу менен бирге, стратегиялык жактан өз максатын ишке ашыргыдай мобилдүү армия топтоого жетишкен. Маодунь шаньюйдун түндүк урууларын деп аталган этносторго каршы чапкын жасаганына чейин анын армиясынын саны 300 000 жаачан жоокерге жеткен[15]. Хань императору Гао – дини б.з.ч. 200 – жылы Байдэн тоосунда курчоого алган убакта хуннулардын армиясынын саны 400 000 атчан аскерден турган[16]. Маодунь шаньюй мындай күч менен Борбордук Азиянын кеңири аймагына саясий таасирин тарата алган жана алардын катарыны кыргыздар да кабылган. Айрым иликтөөчүлөрдүн пикирине караганда, хунну империясынын территориясы, Маодунь

шаньюй мезгилинде чыгышында – Корея, батыш чеги азыркы Синьцзянь аймагына чейин жеткен (Материалы по истории сюнну 1968: 23).

Кытай жазма булактарында кыргыздар жашаган жери жазылбайт. Анткен менен айрым илимпоздор хуннулардын ээлеген аймагын эске алуудан улам кыргыздардын мекенин Енисей (Материалы по истории сюнну 1968: 136; Pulleyblank 1999: 156; Бернштам 1951: 63; Евтюхова 1948)[17] жана Түндүк Монголия[18] аймагына жайгаштырышат.

Кытай жазма булактары кыргыздардын жайгашкан жери жөнүндө так маалымат бербейт, тек гана аталган этностор менен бирге гэгуньдарды да хуннулардын түндүгүндө орун алгандыгын белгилейт.

Маодунь шаньюйдун түндүк урууларын жеңип алгандыгы тууранындагы дарек аркылуу бир канча проблеманын өңүтүн ачып алуу мүмкүн.

Кытай мамлекети империянын батышы эле эмес түндүк тарабындагы географиялык аймак туурасында маалыматы аз болгон. Император У – динин перманенттик согуш саясатынын маалындагы Чжан Цяндын батышка жасаган саякатынын натыйжасында Ортоңку мамлекет Батыш жана Түндүк багытында жашаган калктар туурасында маалымат топтоого жетишкен.

Синологдордун аныктоосуна караганда, Кытай мамлекети коңшу жашаган этностор туурасында маалымат топтоп, кийин алар династиялык тарых хроникаларына айланган. Кытай авторлору империянын айланасындагы калктарды жалпылаштырып Түндүк, Чыгыш жана Батыш мейкиндиктерге бөлгө Түндүк, Чыгыш жана Батыш мейкиндиктерге бөлгөн. Н.В. Кюнердин иликтөөсүнө ылайык, кытай авторлорунун мындай чектөөсү азыркы түндүк, түштүк жана батыш деген географиялык түшүнүктөн алыс болгон. Ошондуктан түндүк деген географиялык мейкиндикке алар түрк,

монгол, индоевропалык жана мньчжур – тунгус тилинде сүйлөгөн калктардын баардыгын киргизишкен. Кытайлыктар аларды жалпы жонунан бэйди (түндүк чет элдиктер) жана дуньи (чыгыш чет элдиктер) деп бөлгөн (Кюнер 1961: 19). Империянын Батыш багытында жүргүзгөн саясатынын натыйжасында «Си юй» (Батыш аймагы) деген түшүнүк Эрте Хань (б.з.ч. 206 – б.з. 24 – жж.) мезгилинде пайда болгон. Кытай авторлорунун маалыматтарын иликтеген синолог адистер, Ортоңку мамлекеттин жазма булак даректери батыш менен чыгыш түшүнүктөрүн алмаштырып алгандыгын белгилешет[19]. Ошондуктан айрым окумуштуулардын негизсиз эле, Маодунь шаньюйдун кыргыздарды Енисей же Батыш Монголиядагы Кыргыз нур көлүнөн басып алган деген ойлоруна кошулуу мүмкүн эмес. Анын негизги себеби, хуннулардын Чыгыш Түркстанга жасаган кийинки жортуул мезгилинде пайда болгон маалыматтарга байланыштуу. Хунну шаньюйу Чжи –Чжинин батыш чапкыны жана анын натыйжасында кыргыздардын жашаган аймагы туурасында жаңы жоромол жасоого негиз берген дарек чыгат.

Талдоо жыйынтыгы көрсөткөндөй, кыргыздардын тарыхы көчмөн талаадагы татаал геосаясий кырдаалга ылайык башталган. Кытай жазма булактарында катталган гэгунь этноними катары б.з.ч. 203 – 202-жж. эскерилип, ушул мезгилден тарта кыргыздар Борбордук Азиядагы этносаясий процесстерге тартыла башташкан.

**Адабияттар**

Бартольд В.В. Киргизы. Исторический очерк. – Т. II. – Часть. I. – М., 1963.

Бернштам А.Н. (1942). История кыргыз и Киргизстана с древнейших времен до монгольского завоевания //КР УИА Кол жазмалар бөлүмү. – Инв. №. 129.

Берштам А.Н. (1951). Очерк истории гуннов.-Л.

Бичурин Н.Я. (1833). История Тибета и Хухунора. – Ч. I. – СПб.

Бичурин Н.Я. (1950). Собрание сведений о народах, обитавщих в Средней Азии в древние времена. –Т. I. – М., Л.

Бичурин Н.Я. (1953). Собрание сведений о народах, обитавщих в Средней Азии в древние времена. –Т. III. – М., Л.

Боровкова Л.А. (2001). Царства «западного края» во II - I веках до н.э. (Восточный Туркестан и средняя Азия по сведениям из «Ши цзи» и «Хань шу»). – М.

Грум-Гржимайло Г.Е. (1909). Белокурая раса в Средней Азии// Сборник в честь семидесятилетия Григория Николаевича Потанина. – СПб.

Евтюхова Л.А. (1948). Археологические памятники енисейских кыргызов (хакасов). – Абакан.

Кляшторный С.Г. (2006). Памятники древнетюркской письменности и этнокультурная история Центральной Азии. – СПб.

Кляшторный С.Г., Колесников А.А. (1988). Восточный Туркестан глазами русских путешественников: (вторая половина XIX в.). – Алма – Ата.

Кляшторный С.Г., Султанов Т.И. (1992). Казахстан летопись трехтысяелетий. – Алма – Ата.

Кляшторный С.Г., Султанов Т.И. (2000). Государство и народы Евразийских степей. Древность и средневековье. – СПб., 2000.

Кляшторный С.Г., Савинов Д.Г. (2006). Степные империи древней Евразии. – СПб.

Кюнер Н.В. (1961). Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. – М.

Малявкин А.Г. (1981). Историческая география Центральной Азии (Материалы и исследования). – Новосибирск.

Малявкин А.Г. (1989). Танские хроники о государствах Центральной Азии: Тексты и исследования. – Новосибирск.

Материалы по истории сюнну. (1968). Вып. 1.

Сыма Цянь. Исторические записки (Ши цзи). (2002). – Т. VIII.

Яхонтов С.Е. (1970). Древнейшие упоминание этнонима «киргиз» // Советская этнография, № 2.

Grousset René. (1970). The Empire of the Steppes: A History of Central Asia, New Brunswick, New Jersey.

de Groot J. M. ((1921). Chinesische Uhrkunden zur Geschichte Asiens.Die Hunnen der vorchristlkhen Zeit. Bd. I. Berlin–Leipzig: de Gruyter.

De Guignes J. (1756). Histoiregenerate des Huns, des Turcs, des Mongols et des autres Tatares occidentaux, ouvrage tire des livres chinois. Tome Premier, Sekonde partie. - Paris.

Pelliot P. (1920). A Propos des Komans, Journal asiatique. T XV.

Pulleyblank E.G. (1990a). The “High Carts”: A Turkish - Speaking People Before Türks, Asia Major 3, no 1, London.

Pulleyblank E. G. (1990б). The Name of the Kirghiz, Central Asiatic Journal 34, nos 1-2, Wiesbaden.

Pulleyblank E.G. (1999). Central Asia at the Dawn of History, Journal of Chinese Linguistics 27. Berkeley, CA.

Chavannes E. (1900). Documents sur les Tou-kiue (Turcs) occidentaux. Сборник трудов Орхонской экспедиции. VI. St. Petersbourg.

Chavannes E. (1905). Les pays d'occident d'apres le Wei lio, T'oung Pao, №VI.

Shiratori K. (1930)On the Territory of the Hsiung-nu Prince Hsiu-t'u Wang and His Metal Statues for Heaven-worship// Memoiris of the Research Department of the Toyo Bunko (the Oriental Library), № 5, Tokio.

**Эскертүү:**

[1] Тоумань туурасында тарых илиминде ар түркүн жоромолдор жасалган. Түрктөрдүн биринчи каганы T'u-mön менен Тоумань аталыштары ортосундагы жакындыкты жана ал антропоним «түмөн» термини менен айкалыша тургандыгын өз мезгилинде синолог В. Шотт, Ф. Хирт белгилешкен. Кар.: Schott. W. Über das Aitai'sche oder Finnisch-Tatarische Sprachengeschlecht, Abhandlungen der Berliner Akad. der Wissensch., Philos.-hist. KL, 1847, p. 291; Hirth F. Sinologische Beitrage zur Geschichte der Turk-volker. 1. Die Ahnentafel Attila's nach Johannes von Thurocz // Изв. Имп. Акад. наук. 1900. Т. XIII, 2;-Б. 230; Н. Я. Бичуриндин котормосуна комментарий берген А. Н. Бернштам менен Н. В. Кюнер Томань термини - монгол тилиндегеи 10 000 сан Тумынь жана калмакча Тюмень аталышына окшош экендигин билдиришкен. Кар.: Бичурин Н.Я. Собрание сведений о народах, обитавщих в Средней Азии в древние времена. –Т. 1. – М., Л., 1950.- Б.46.

[2] Сыма Цянь. Исторические записки (Ши цзи). – Т. VIII. – М., 2002.- Б. 327-329; Маодунь аталышы туурасында талдоо жүргүзгөн синолог Ф. Хирт, анын Mo-tö (Mode, Mede) болуп окулушун көрсөткөн. Кар.: Hirth F. Sinologische Beitrage-Б. 223,231, 234; Hirth F. Hunnenforschungen, Journal of Eurasian Studies, 2010. Volume II., Issue 1. – p. 180; О. Франке хунн өкүмдарын Модук (Maotun) түрүндө калыбына келтирген. Кар.: Franke O. Zur Kenntnis der Turkvolker und Skythen, Abhandlungen der Koniglich Preeussischen Akedemie der Wissenschaf, 1904, p. 10. Ошондой эле айрым илимий изилдөөлөрдө хунну шаньюйу Маодунь эпикалык карман Огуз кагандын ысмы менен байланыштылып жүрөт. Перс жана түрк тилдүү жазма булактарда эскерилген Огуз кагандын баяны менен Маодунь шаньюйдун ортосундагы окшоштук окумуштууларды алыска кете турган жоромолдорго жолдогон. Эки каарман ортосундагы окшоштукка адегенде Н. Я. Бичурин көңүл бурган. Кар.: Бичурин Н.Я. Собрание сведений. –Т. 1. – М., Л., 1950.- Б.56-57. Кийин бул тема А. Н. Берштамдын эмгектеринде иликтөөгө алынган. Кар.: Бернштам А. Н. Очерк истории гуннов.-Л., 1951. А. Н. Бернштам тарабынан жасалган эки каарманды окшоштуруу аракети синолог В. С. Таскин тарабынан далилдүү сынга алынган. Кар.: Материалы по истории сюнну. (по китайским источникам). Вып. 1./ Введ., пер. и коммент. В.С. Таскина. М., 1968. – Б. 129-130.

[3] Маодундун бийликке келиш окуясы кытай булактарында кенен чагылдырылган. Кар.: Бичурин Н.Я. Собрание сведений. – М., Л., 1950. Б. 46 – 48; Материалы по истории сюнну. – Б. 38 – 39; de Groot J. M., Chinesische Uhrkunden zur Geschichte Asiens.Die Hunnen der vorchristlkhen Zeit. Bd. I. Berlin–Leipzig: de Gruyter 1921. – Б. 49 – 52; Mcgovern W. M..The Early Empires of Central Asia. The University of Noart Carolina Press,1939. P.116; Parker E. H. Turko-Scythian Tribes, The China Review, or notes & queries on the Far East.- 1892. - Vol. 20. - №. 1. - Б. 7-8; Di Cosmo N. Ancient China and Its Enemies: The Rise of Nomadic Power in East Asian History, Cambridge University Press. 2004; Ying – Shin Yu. The Hsiung – nu, The Cambridge History of Early Inner Asia, edited by Denis Sinor, Cambridge University Press 1990, - Б. 120; Ying – Shin Yu, Han foreign relations, The Cambridge History of China, General editors Denis Twitchett and John K. Fairbank, V. I. The Ch'in and Han Empires, 221 B. C. – A. D. 220, Cambridge University Press 1987, - Б. 385.

[4] Сыма Цянь аталган куралдын түрүн минди деп, тактап айтканда «ырдаган, учканда үн чыгарган жебе» экендигин белгилеген. Кар.: Сыма Цянь. Исторические записки (Ши цзи). – Т. VIII. – Б. 327; Н.Я. Бичурин минди терминин «ышкырык» деп которгон. Кар.: Бичурин Н.Я. Собрание сведений. – Т. I.- Б. 46; «Ышкырык жебенин» согуштук жактан колдонулуш маселеси археологиялык материалдарда талданган. Кар.: Никиноров В. П., Худяков Ю.С. «Свистящие стрелы» Маодуня и «Марсов меч» Атиллы: Военное дело азиатских хунну и европейсих гуннов. – СПб., 2004. – Б. 22; Худяков Ю. С. Вооружение средневековых кочевников Южной Сибири и Центральной Азии. Новосибирск, 1986. - Б. 32 – 33.

[5] Каралып жаткан мезгилде дунху тенмини чыгыш ху дегенди туюнткан жана алар сюннулардын чыгышында жашашкан. Кар.: Материалы по истории древних кочевых народов группы дунху/Введение, пер. и коммент. В.С. Таскина.-М., 1984.-.Б. 39.

[6] Ли кытайлыктардын аралык өлчөмү. Бизди кызыктырып жаткан мезгилдеги Хань династиясында 1 ли 414 метрге дал келген. Кар.; Боровкова Л.А. Запад Централной Азии Во II в. до н. э. – VII в. н. э. (историко – географический обзор по китайсим источникам). – М., 1989. – Б. 5.

[7] Шаньюйдун аялы яньчжи аталган. В.С. Таскин яньчжи термини менен хуннулардын ханайымы айтыла тургандыгын белгилейт. Кар.: Материалы по истории сюнну. Вып. 1.- Б.130; Япон синологу К. Ширатори Yen-chi термини байыркы түрктөрдүн Khatun аталыш аркылуу Gattin болуп окула тургандыгын айткан. Кар.: Shiratori K. Uber die Sprache der Hiungnu und der Tunghu – Stamme // Изв. Имп. Акад. наук. 1902. Т. XVII, № 2.-Б. 3.

[8] Pulleyblank E. G. The Wu-sun and Sakas and the Yueh-chih Migration//Bulletin of the School of Oriental and African Studies, University of London, Vol. 33, No. 1, In Honour of Sir Harold Bailey, (1970), - Б. 154; Маодунь шаньюй бийликке келгенге чейин хуннулар юэчжилерге вассалдык абалда болушкан. Ошондон улам, Таомань шаньюй улуу баласы Маодунду «ак үйлүү» абалында юэчжилерге берген. Кар.: Боровкова Л.А. Царства «западного края» во II - I веках до н.э. (Восточный Туркестан и средняя Азия по сведениям из «Ши цзи» и «Хань шу»). – М., 2001.

[9] Айрым изилдөөчүлөрдү эске албаганда аталган датаны бул темага кайрылган авторлордун дээрлик баардыгы кабыл алышкан. Кар.: Супруненко Г.П. Некоторые источники по древней истории кыргызов//История и культура Китая (Сборник памяти академика В.П. Васильева). - М., 1974. –Б. 236; Худяков Ю.С. Проблемы истории древних кыргызов (первоначальное расселение)//Этнографическое обозрение, 2001. - № 5. Ал эми, академик В. В. Бартольд кыргыздардын тарыхта адеп эскерилиши балким, б.з.ч. 201 – жылы болушу мүмкүн экендигин жазып, ошол эле кезде маселенин такталыш зарылчылыгын кыйыр түрдө белгилеп кеткен. Кар.: Бартольд В. В. Киргизы. Исторический очерк. – Т. II. – Часть. I. – М., 1963. – Б.

475; Ушундай эле мамиле батыш тарыхнаамасында да орун алганы байкалат. М. Чаплицканын Борбордук азиядагы түрктөрдүн тарыхына арналган эмгегинде, Маодунь (автор аны Мете формасында жазган М.К.) шаньюйдун Енисейде жашаган кыргыздарга жортуулу б.з.ч. 200 – жылы жасалгандыгы иликтенген. Кар.: Czaplicka M. A. The Turks of Central Asia in history and at the present day, An Ethnological Inquiry into the Pan-Turanian Problem, and Bibliographical Material Relating to the Early Turks and the Present Turks of Central Asia. Oxford: Clarendon Press. 1918. – Б. 62 – 64.

[10] Ши цзи жазма булагында «лун» иероглифи колдонулган эмес. Кар.: Таскин В.С. Материалы по истории сюнну. Вып. 1.-Б. 41; Бичурин Н.Я. Собрание сведений. – Т. I.- Б. 50.

[11] Сянь го чжи (Хроника правлений трех династий) под редакцией Чэнь Шоу./ Перевод Г. П. Супруненко, Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. – Т. 2. – Б., 2003. –Б. 15; Малявкин А. Г. Танские хроники. Б. 114; Э. Шаванндын котормосунда аталган калктардын саясий абалы падышачылык түрүндө берилип, кыргыз этнониминин кытай тилинен транслитерациясы Ko-kouen формасында жазылган. Кар.: Chavannes E. Les pays d'occident d'apres le Wei lio, T'oung Pao, 1905, ser.I, №VI, p. 561; Динлиндер туурасында атайын изилдөө жүргүзгөн О. Мэнчен – Хелфен Маодунь шаньюйдун жортуулу б.з.ч. 203 жана 200 жылдар арасында болгондугун белгилеген. Ошондой эле, ал кыргыз этнонимин кытай иероглифинде Ko–k'un формасында калыбына келтирет. Кар.: Maenchen-Helfen O. The Ting-Ling, Harvard Journal of Asiatic Studies, 1939, Vol. 4, No. 1, - Б. 77.

[12] Тактап айтканда, «Кийинчирээк, качан [Маодунь] түндүк тараптан хуньюйларды, цюйшэ, динлиндерди, гэкуньдарды жана синьли ээликтерин багындырганда сюннулардын бардык ак сөөк адамдары, кызматкерлери [ага] моюн сунушуп, Маодунь шаньюйду акылман деп эсептей баштакан», деген маалымат маалында – М. К.

[13] Сыма Цянь. Исторические записки (Ши цзи). – Т. VIII. – Б. 125-126. Сыма Цяндын эмгегинде Хань Синдин ван титулун алышы туурасында бир канча карама – каршы маалыматтар берилген. «Ши цзинин» 93 – цзюанында, Хань Синдин ондогон козголоңчу шаарларда бейпилдик орноткондугу үчүн Лю Бан ага б.з.ч 205 – жылы ван титулун ыйгарган. Кар.; Сыма Цянь. Исторические записки (Ши цзи). – Т. VIII. – Б. 131.

[14] Яхонтов С.Е. Древнейшие упоминание этнонима «киргиз»//Советская этнография, 1970, № 2. – Б. 110.

[15] Сыма Цянь. Исторические записки (Ши цзи). – Т. VIII. – Б. 329. Е.Х. Паркер да хуннулардын аскер саны үч жүз миң аскерден тураарын билдирген. Кар.: Parker E.H. Turko-Scythian Tribes, - Б. 8.

[16] Сыма Цянь. Исторические записки (Ши цзи). – Т. VIII. – Б. 331; Бичурин Н.Я. Собрание сведений. – Т. I.- Б. 51. Айтылган фактыларга талдоо жүргүзгөн В.С. Таскин хуннуларындын реалдуу аскер саны башкаруу бийлик түзүлүшүнө туура келгендигин кабарлайт. Хуннулардын 24 аскер башчысы болуп алардын ар бири 10 000 аскер, кээ бирлери миң чамалуу жоокер күтүшкөндүгүн эске алып, илимпоз шаньюйдун аскеринин санын 300 000 жоокер менен чектейт. Кар.: Материалы по истории сюнну. (по китайским источникам). Вып. 2./ Введ., пер. и коммент. В.С. Таскина. М., 1973. – Б. 5; Ф. Еберхард бул убакта хуннулардын калкынын саны 2 000 000 жеткенин кабарлайт. Кар.: Eberhard W. A History of China, -University of California Press, Berkeley and Los Angeles, 1977. -Б.74; Хунну мамлекетинин демографиялык абалын изилдеген Н Н. Крадин, өлкө калкынын саны 1, 5 млн кишиден ашбагандыгын белгилейт. Кар.: Крадин Н. Н. Империя хунну. – М., 2001. – Б. 104; Хуннулардын саясий, согуштук потенциалы жана алардын Кытай мамлекети менен болгон мамилеси туурасындагы пикирди төмөнкү адабиятта кенен келтирилген.

Кар.: Barfield T. J. The Perilous Frontier: Nomadic Empires and China, Cambridge, Mass.; Oxford: Blackwell, 1989. – Б. 100 – 104.

[17] Таскин B.C. Материалы по истории сюнну. Вып. 1.-Б. 136, комментарии к тексту; Pulleyblank E. G. Central Asia at the Dawn of History, Journal of Chinese Linguistics 27. Berkeley, CA, 1999. – Б. 156; Берштам А. Н. Очерк истории гуннов.-Б. 63; Евтюхова Л. А. Археологические памятники енисейских кыргызов (хакасов). – Абакан, 1948.

[18] Киселев С.В. Древняя история Южной Сибири. – М., 1951. – Б. 561; Гумилев Л.Н. Хунну. – СПб., 1993. – Б. 53; Кызласов Л. Р. История Тувы в средние века. – М., 1969. – Б. 88; Кызласов Л.Р. История Южной Сибири в средние века. – М., 1984. – Б. 16-17. Жогоруда аталган авторлор кыргыздардын адегенде жашаган аймагын Монголиянын батыш аймагына жайгаштырган көз карашын бекемдеш максатында, В. В. Бартольддун изилдөөсүнө шилтеме жасашат. Анткен менен В. В. Бартольд Монголиядагы Кыргыз – нор көлүнүнүн аталышы качан пайда болгондугу туурасында маалымат жок экендигин белгилөө менен проблеманын жетик такталыш зарылчылыгын көрсөткөн. Кар.: Бартольд В. В. Киргизы. Исторический очерк. – Б. 477.

[19] Кар.: Малявкин А.Г. Историческая география; .: Малявкин А.Г. Танские хроники; Бул темага кайрылган синологдор кытай авторлорунун географиялык мейкиндик туурасындагы кемчиликтерин белгилеп кетишет. Кар.: Таскин В.С. Материалы по истории сюнну. - Вып. 1; Материалы по истории сюнну. - Вып. 2.